## ФИЛОЛОГИЯ ЖАНА МАДАНИЯТ АРАЛЫК КОММУНИКАЦИЯ ИНСТИТУТУ

## ПРОТОКОЛ №5

531000 –« Филология» магистр багытынын стандартынын негизинде түзүлүп жаткан негизги билим берүү программасын (НББП) жана базалык окуу планын талкуулоо боюнча жыйын

Күнү:2.12.2025

Жайы: аудитория-305б

**Катышкандар:** 531000 – Филология» магистр багытынын "Чет тили" профили боюнча ОшМУда иштелип чыккан билим берүү стандартынын негизинде НББПсын жана базалык окуу пландарын иштеп чыгуу үчүн жумушчу топтун курамы

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. 531000- «Филология» багыты боюнча 2025-2026- окуу жылы НББП жана окуу планын билим берүү стандартына ылайык келтирүү;
2. Дисциплиналардын мазмунун, кредиттик жүгүн жана модулдардын түзүмүн кароо;
3. Иш берүүчүлөрдүн жана башка ЖОЖ өкүлдөрүнүн сунуштарын кароо;
4. Жумушчу топтун сунуштарын жана чечимдерин кабыл алуу.

**УГУЛДУ:**

Жумушчу топтун төрагасы М.Н. Абдикаримова жыйындын максаты менен тааныштырды: «Филология» багыты боюнча мамлекеттик стандарттарга ылайык НББПны жана базалык окуу планын талкулоо жана макулдашуу.

«Филология» багытынын программа жетекчиси М.Н. Абдикаримова тарабынан сунушталган окуу программасынын түзүмү, кредиттик системадагы жүгү, модулдар жана дисциплиналар боюнча маалымат берилди.

**ТАЛКУУ:**

Катышуучулар тарабынан Ата мекендик ЖОЖдордун өкүлдөрү: Саидрахимова Д.С. – Б.Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин башчысы, ф.и.д.,- НББПнын түзүмүнө жана мазмунуна бир катар сунуштарды берди.

Орозбаева Г. А. – Жалал –Абад мамлекеттик университетинин доценти, ф.и.к., - 531000- «Филология» багыты боюнча 2025-2026- окуу жылы НББП жана окуу планын билим берүү стандартына ылайык келээрин жана базалык окуу планындагы предметтер замандын талабына карай сунушталгандыгын белгиледи.

Иш берүүчү, Келдибек к Кутбубу, Ноокат райондук Келдибек Каримов атындагы мектеп директору - студенттердин практикалык даярдыгын жогорулатуу максатында практика сааттарын көбөйтүү жана заманбап компетенцияларды кошуу сунуштарын беришти.

**ЧЕЧИМ:**

Талкуунун жыйынтыгында бир добуштан төмөнкүдөй чечимдер кабыл алынды:

1.531000 - «Филология» багыты, «Чет тили» профили боюнча магситратура деңгээлиндеги базалык окуу планынын түзүмүн бекитилсин;

2.Окуу планынын долбоорун институттун Окумуштуулар кеңешине акыркы макулдашуу үчүн жөнөтүлсүн;

3. Дисциплиналар боюнча силлабустарды иштеп чыгуу үчүн кичи жумушчу топтор түзүлсүн.

Төрайым: М.Н. Абдикаримова

Катчы: Абдивалиева Б.Ш.